# Исаия пайгамбардын китебинен үзүндүлөр

Кириш сөз

*Машаяктын дүйнөгө келерин сегиз кылымдын көшөгөсүнөн көрө билген бул пайгамбар байыркы доордун жарчысы деп да аталат. Ал эми анын ысмы "Кудайдын куткаруусу" болуп которулат. Ал ошол убактагы замандаштарын Кудайдын кабарчысы катары ашкерелеп, аларды ишенимге чакырып, келечекте Куткаруучу келе тургандыгын айткан. Ошол убактагы Ассирия, Вавилон, Моаб, Египет, Палестина, Сирия, Едом жана башка мамлекеттердин күнөөсүн эскертип, тагдырын айтып, тобо кылууга чакырган. Анын китебинин негизги темаланын бири — Машаяк темасы.*

*Кудайдын батасы жана жазасы*

*(1:19,20)*

"Эгерде менин айткандарымды жандилиңер менен аткарсаңар, анда жер бетиндеги ырыскылардын эң мыктысынан жей турган болосуңар. Эгер каршы чыгып, кежирленсеңер кылычтан кырыласыңар. Муну мен — силердин Теңириңер айтып жатам."

*Теңирдин тоосу*

*(2:1-5)*

Амос уулу Исаиянын Яхуда менен Кудус тууралуу көргөн аяны.

"Келечекте Теңирдин ыйбадатканасы жайгашкан тоонун кадыры бардык башка тоолордон өйдө болуп, дөбөлөрдүн үстүнөн көтөрүлөт жана бардык улуттар ага агылып келет. Көптөгөн адамдар келип: "Жүргүлө, Теңирдин Тоосуна чыгып, Жакыптын Кудайынын үйүнө кирели. Кудай жолунда жүрө алышыбыз үчүн ал бизди өз жолдоруна үйрөтсүн", — дешет. Анткени Мыйзам Теңир Тоодон келет, Эгебиздин сөзү Кудустан чыгат. Кудай бүт элдердин арасында сот жүргүзөт, көптөгөн уруулардын талаштарын чечет. Ошондо аларкылычтарын эритип, соко жасашат, найзаларын ээритип, орок кылып куюшат. Бир эл бир элге кылыч көтөрбөйт, эч качан согушка даярдык көрүшпөйт. Оо Жакыптын үйү, жүргүлө, Теңирдин жарыгында жашайлы!"

*Боз үй*

*(4:2-6)*

“Ошол күндөрдө Теңирдин Бутагы кооз, шаңдуу жана даңктуу болот. Кудайдын элине берилген жердин жемиштери Кудустун аман калган балдарынын сыймыгына айланат. Теңир Тоодо калып, Кудуста жашайт деп катталгандардын баары ыйык

деп аталышат. Теңир ак сот жүргүзүп, Теңир Тоолуктардын кирин кетирет да оттой тазалоочу Руху менен Кудуста төгүлгөн кандын тагын жок кылат. Анан Теңир Тоо менен ал жерде чогулгандардын үстүнө күндүз уюлгуган булут жиберип, түндө жаркыраган от күйгүзөт. Ошентип, Кудайдын улуулугу бүт шаардын үстүн калкалап, коргойт. Мээ кайнаткан ысыкта шаарга башпаана, көлөкө болуп, бороон-чапкын, жаан-чачында калкалоочу боз үй болот”.

*Жүзүмзар*

*(5:1-7)*

“Сүйгөнүмө арнаган ырымды угуп алгыла! Ырым ашыгымдын жүзүмзары тууралуу.

Адырлуу тоонун бооруна,

Кыртышы семиз ойдуңга,

Сүйгөнүм тиккен жүзүмзар.

Терең казып, малалап,

Кум-таштардан тазалап,

Жүзүмдүн эң мыктысын,

Өскөнгө сонун ыктуусун,

Топуракка сайылткан.

Кароол мунара куруп,

Жүзүмзарга орноткон.

Терендетип жер казып,

Шире сыккыч жай салган.

Анан жүзүм өскөндө,

Жемиштүүсүн издесе,

О, мунусу эмнеси?

Алпечтеп өстүрүп келсем

Чириктен башка бербеди.

Силерге эми айтайын

Эми эмне кылайын:

Жалаң эле чириктер!

Отко жагам бардыгын,

Оо, Кудус, оо, Яхуда,

Мага кулак салгыла!

Жүзүмзарым менен мен

Соттошкону жатамын

Ошого калыс болгула.

Колдон келгендин баарын

Мен ал үчүн жасадым

Дагы эмне кыла алам?

Жакшы жемиш берер деп,

Казыктарын жуламын,

Жүзүмзарым кыйратып,

Какыраган түз кылам.

Эч ким аны карабайт,

Отоо чөпкө бастырам.

Бир тамчы да жаадыртпай,

Булуттарды байлаймын.

Кудуреттүү Кудайдын жүзүмзары — бул Израил эли, ал эми анын сүйгөн жүзүмзары — бул яхудалыктар. Кудай алардын адилеттикти көрөйүн деп күттү эле, алар кан төгүштү. Чындыкты күттү эле кордук көргөндөрдүн ыйын укту".

*Жакыптын калган урпактары кайтып келишет*

*(10:21)*

"Жакыптын урпактарынан аман калгандар кайтып келишет, алар кудуреттүү Кудайга кайрылышат".

*Тоо*

*(11:6-9)*

"Карышкыр менен козу ынтымакта жашай турган болот, илбирс менен улак чогуу жуушап жата турган болот, музоо менен арстандын баласы бирге жүрүп, жаш бала аларды жетелеп басат. Уй менен аюу чогуу оттошот, алардын балдары чогуу ойношот. Арстан да өгүз сыяктуу эле саман жей турган болот. Наристе жыландын уясынын жанында ойнойт, бөбөк уулуу жыландын уясына колун салса да ал чакпайт. Менин ыйык тоолорумда эч качан булар зыян кыла турган болушпайт, анткени бүт жер жүзү суугa толгон деңиз сымал Теңирдин билимине толот".

*Дөөттүн боз үйү*

*(16:5)*

"...Анан Дөөттүн тукумунан чыккан бирөө падыша болуп тактыга олтурат. Ал Дөөттүн боз үйүндө олтуруп алып, элди Кудайдын актыгы жана мээримдүүлүгү менен башкарат. Ал адилдикке умтулуп, актыкка тез болот".

*Тоолуктар*

*(33:15,16)*

"Адилет жашап, ак сүйлөп, зордук менен парага жанталашпай, канкорлордун сөзүнө кулак салбай, жамандыкка көзүн кадабай жашаган адам тоолордун арасында өмүр сүрөт, кол жетпеген аскалар башпаана болот. Ал жеген нанынан, ичээр суусунан кем болбойт".

*Жакып*

*(41:8-9)*

“...Оо, Исраил, сен менин кызматчымсың,

Оо, Жакып, мен сени тандап алгам.

Силер менин досум — Ибрайымдын тукумусуңар.

Мен силерди тегеректүн төрт бурчунан тергем,

Жердин эң алыскы бурчунан чакырып алгам.

Мен силерди тандадым, ошондуктан силерден танбайм”.

*Жакыптын тукумунун куну төлөнгөн*

*(43:1)*

“...О Жакып, сени жараткан Теңир мындай дейт,

О Исраил сени жасаган Теңир мындай дейт:

“Коркпогун, анткени мен сенин кунуңду төлөп койдум,

Мен сени өз атыңдан чакырып, сен меникисиң дедим!”

Мен силердин күнөөңөрдү кечирдим

(43:25-44:3)

“Мен өзүм үчүн силердин кылмыштарыңарды кечирип жатам,

Күнөөлөрүңөрдү бетиңерге чиркөө кылган жокмун.

Кана, келгилечи, соттошолу,

Өткөндөрдү козгошолу,

Кана, актанганга шылтоо издеп көргүлөчү.

Исраил, сенин түпкү атаң күнөө кылган,

Жетекчилериң менден четтеп кетишкен,

Башчыларың ыйык жайымды булгашкан.

Ошондуктан мен Жакыпты талкаладым,

Израилди жек көрүндү кылдым.

Кулум Жакып, эми угуп ал,

Мен тандап алган Израил кулак сал,

Сени жараткан Теңириңдин сөзүн ук,

Курсакта экениңден бери эле сага жардам берип келе жаткан Теңириң сага мындай дейт:

Коркпо, менин кызматчым Жакып,

Менин сүйүктүү элим кабатыр болбо.

Анткени мен чаңкаган жерди суугарам,

Какшыган чөлгө шарылдатып, суу агызам.

Урпактарыңа Рухумду төгөм,

Балдарыңа батамды берем".

*Жакыптын күнөөлөрүнүн куну төлөнүп, сатып алынган*

*(44:21-23)*

"О Жакып, сен муну эстей жүргүн:

Менин кулум экениңди унутпагын!

Сени мен жараткам, сен менин кулумсуң.

Оо, Израил, мен сени унуткан жокмун.

Күнөөлөрүңдү жөө тумандай таркаттым,

Кылмыштарыңды булуттардай айдадым.

Мага кайрыл,

анткени мен сенин күнөөлөрүңдүн кунун төлөп койдум.

Оо, көк асман!

Шаттангын, анткени муну Теңириң кылды.

Оо, жер жүзү!

Кыйкырып ырдагын!

Тоолор жана токойлор,

Токойдогу дарактар,

Баарыңар кубангыла!

Анткени Теңир Жакыпты куткарды,

Исраилге улуулугун көрсөттү!”

*Мени издегиле*

*(45:19)*

“Кайсы бир караңгы жерде жашырын сүйлөгөн эмесмин,

Жакыптын урпактарына: “мени издегениңер бекер” деген эмесмин.

Мен Теңирмин, чындыкты сүйлөп, актыкты жарыялайм”.

Азаттык

(49:8-13)

Жараткан Эгебиз мындай дейт:

“Убагы келгенде мен сага жооп берем.

Куткарыла турган күнү мен сага жардам берем.

Мен сени коргойм!

Сен аркылуу бардык элдер менен келишим түзөм.

Мен берген жерди кайра калыбына келтирем,

Мурасчылардын талкаланган мурастарын ордуна келтирем.

Түрмөдө олтургандарга: “Эркиндикке чыккыла”, — деймин.

Караңгыда олтургандарга: “Жарыкка чыккыла”, — деймин.

Алар жашыл тоолордо жайылган койлордой эркин болушат.

Алар эч качан ач болушпайт да суусашпайт.

Чөлдө куйкаланышпайт да төбөлөрүнөн күн өтпөйт.

Аларды сүйгөн Кудайы жетектейт,

Мелмилдеп аккан өзөндөргө алып барат.

Мен баардык тоолорума шыдыр жолдорду салам,

Менин элимдин саякатташына даярдайм.

Алар алыс жактардан келишет,

Төгөрөктүн төрт бурчунан агып келишет.

Жырга, шаттан, көк асман!

Үнүңдү чыгар, жер жүзү!

Кубанычтан кыйкыргыла, тоолор!

Анткени Кудай өз элин соorotту,

Азап тарткан элине ырайым кылды!”

*Кудай жакын*

*(55:6)*

“Кудайды издегиле, анткени аны азыр табууга болот. Кудайды чакыргыла, анткени ал азыр жакын”.

*Бардык элдер табынуучу үйү*

*(56:7)*

“Мен аларды өзүмдүн ыйык тоомо алып келем, мечитимди кубанычка бөлөйм, менин курмандык чалчу жайымда мага арнаган ар кандай курмандыктарын адал

кылам, анткени менин ибадатканам “бардык элдер үчүн ийбадаткана” деп атала турган болот”.

*Момундар менен жашоочу Кудай*

*(57:15)*

“Мен түбөлүктөн түбөлүккө жашоочу улуу даражалуу жана ыйык Кудаймын. Мен эң бийик жана ыйык жайда жашасам да үмүттөрүн жандандырып, ишенимдерин чыңаш үчүн момун жана ак жүрөктүүлөрдүн арасындамын”.

*Күнөөнүн кесепети*

*(59:2)*

**“Силердин күнөөңөрдөн улам Кудай силерди укпай жатат. Кылган кылмыштарыңар силерди андан ажыратып салды”.**

*Жарык келди!*

*(60:1-3)*

“Тургула! Жадырап жайнагыла! Анткени силердин жарыгыңар келди! Теңирдин улуулугу силердин үстүңөрдө турат! Карагылачы, жер бетин тунарык басып, элдерди караңгылык каптап калды, бирок силердин үстүңөрдө Теңирдин улуулугунун нуру жаркырап, жарыгы чачылат. Силердин нуруңардын жарыгына башка элдер агып келишет, агарган таңыңардын шооласына падышалар умтулушат”.

*Теңирдин тоосу*

*(65:11,12)*

“…Ал эми силер, Теңириңер болгон мени таштап кеткендер, менин ыйык тоомду унуткандар… мен силерди кылыч менен кырам, анткени силерге сүйлөгөнүмдө менин үнүмдү укпай койдуңар…”

## Исая пайгамбардын китебиндеги Машаякка байланыштуу пайгамбардык сөздөр

*Машаяктын төрөлүшү тууралуу пайгамбарчылыктар*

*(7:14)*

Жараткан Эгенин өзү силерге белги берет: жаш аялзаты кош бойлуу болуп, уул төрөйт да аны “Кудай биз менен!” деп атайт.

*Улуу жарык*

*(9:2)*

“Караңгыда жүргөн эл

Улуу жарыкты көрдү.

Ажал сайындагы эл

Күн нуруна бөлөндү”.

*Тынчтыктын Падышасы*

*(9:6-7)*

“Биз балалуу болдук! Кудай бизге уул берди! Ал бизди жетектейт. Аны: “Кереметтүү”, “Насаатчы”, “Кудуреттүү Кудай”, “Түбөлүк Ата”, “Тынчтыктын Падышасы” деп аташат. Анын падышачылык дөөлөтү өскөндөн өсө берет. Анын хандыгында ар дайым аманчылык болот. Бабасы Дөөттүн тактысына олтуруп, адилеттик жана актык менен түбөлүктөн түбөлүккө бийлик кылат. Мунун баарын кудуреттүү Эгебиз алдын ала белгилеп койгон.”

*Адилеттүү Хан — Машаяктын келери тууралуу пайгамбарчылык*

*(32:1-3)*

“Адилеттик менен бийлик жүргүзө турган Хан келет. Ошондо башчылар акыйкаттык менен башчылык кылышат. Ар бири шамалдан калкалаган калкан, бороондон коргогон башпаанек болушат. Адамдын жумурун катырган чөлдөгү булактай, мээ кайнаткан талаадагы көлөкөлүү аска таштай болушат. Ошондо көзү барлардын көзү муктаж болгондорго эч качан жумулуп калбайт. Кулагы барлардын кулагы зарлагандардын үнүн укпай калбайт”.

*Машаяк акылман*

*(11:2)*

"Өз элин башкаруу үчүн Жараткан Эгенин Руху ага акылмандык, билим жана шык берет. Ал Кудайдын эркин ажырата билип, аны сыйлайт".

*Машаяк адилеттүү*

*(11:4)*

"Ал элди кайдыгер, ушак-айыңдардан улам соттобойт. Кембагалдарды ырайым менен соттоп, алсыздардын укугун коргойт".

*Машаяк момун*

*(42:1-4)*

"Жараткан Эге мындай дейт: "Мына, менин кулум ушул — мен аны дайыма колдойм. Менин тандаганым ушул — мен ага ыраазымын. Мен аны өзүмдүн демиме толтурам, анан ал бардык элдерге адилеттүүлүк алып келет. Ал кыйкырбайт да бакырбайт, көчөлөрдө туруп алып бакылдабайт. Ийилген камышты да сындырбайт, бүлбүлдөгөн шамды да өчүрбөйт. Ал баарына түбөлүк адилеттүүлүк алып келет. Үмүтүнөн тайбастан жана кайратынан кайтпастан жер бетине акыйкаттыкты орнотот. Алыс-алыс жерлер анын сөзүнө бел байлашат".

Машаяктын адамдар тарабынан кордоло тургандыгы тууралуу пайгамбарчылык

(50:6, 52:14)

"...Мени сабап жаткандарга жонумду тосуп бердим, кордоп жатышканда каршылык кылбадым. Сакалымды жулуп, бетиме түкүрүп жатышканда, жүзүмдү катпадым..."

"...Аны көрүшкөндө көп адамдардын төбө чачы тик турду: анын жүзү ушунчалык жанчылгандыктан, адам экенин ажыратыш өтө кыйын болуп калган эле..."

(Бул пайгамбарчылык сегиз жүз жылдан кийин ордунан чыккан)

*Улуу пайгамбардык*

*(53:1-10)*

"Кабарыбызга ким ишенет? Бул кабар Кудайдын кудуретинен экени кимге ачылат? Кудай өз кулунун какшыган жерге тамыр байлап, өсүп чыккан өсүмдүктөй өсүп чыгышын каалады. Анын адамдын көңүлүн өзүнө бура турган деле эч бир сулуулугу же кандайдыр сырткы өзгөчөлүгү жок эле. Көргүбүздү келтиргендей өзүнө тарткан өзгөчө бир нерсесин байкабадык. Аны адамдар жек

көрүшүп, четке кагышты. Ал кордук көрүп, эти ооруду. Көргүсү келбеген кишисинен жүзүн жашырышкандай аны эч кимиси карап да коюшпады.

Бирок ал биз тарта турган азапты өзүнө алды. Бизге тиешелүү жазаны көтөрдү. Биз аны “Кудай жазалап жатат”, “Кудай азапка салып жатат” деп ойлодук. Бирок ал биздин кылмыштарыбыз үчүн көзөлдү, биздин жамандыктарыбыз үчүн жанчылды. Анын мойнундагы жаза бизди Кудай менен элдештирди жана анын жаралары бизди айыктырды. Баарыбыз адашкан койдой өз-өз жолубузда жүргөнбүз. Бирок Кудай баарыбыздын бейбаштыгыбызды анын мойнуна салды. Ал кордолуп, азап тартып жатты, бирок каяша кылбады. Союлганы жетеленип бараткан козудай, жүнү кыркылып жаткан койдой оозун ачпады. Аны кармап кетип, соттошту. Эми ким анын санжырасын айтып бере алат? Анткени ал тирүүлөрдүн жеринен кыйылбадыбы? Бирок ал менин элимдин күнөөлөрү үчүн жазаланды. Эч качан кылмыш кылбаса да, бир да жолу калп айтпаса да, аны каракчылар менен бир мүрзөгө көммөкчү болушту, бирок анын сөөгүн бай адам көргө койду. Бирок анын азап тартышы жана кыйналышы Кудайдын эрки менен болду. Кудай анын өлүмү кечирим алып келе турган курмандык кылып койсо да, ал келечектеги урпактарын көрөт жана узакка өмүр сүрөт. Ал аркылуу Кудайдын тилеги орундалат. Азаптуу өмүрүнөн кийин анын жүзү кайрадан жаркырайт. Кылган ишине ыраазы болот. Кудайдын сүйгөн кулу болгон ал көптөгөн пенделердин жазасын өз мойнуна алат жана анын аркасы менен көп адамдар күнөөлөрүнөн кечирим алышат. Ошондуктан Кудай ага улуулар менен кудуреттүүлөрдүн арасынан, төрдөн орун берет. Ал улуулар менен табакташ болот. Анткени ал өз эрки менен өмүрүн берди, күнөөкөрлөр менен тагдырлаш болду. Көптөгөн күнөөкөрлөрдүн күнөөсүн көтөрүп, кылмышкерлер үчүн арага түштү.”